ТТКН-өз алдынча предмет катары 1-4-класстарда жумасына 1 саат окутулат,5-11-класстарда башка окуу предметтерге жана класстан тышкаркы иштерге интеграцияланат.
Мектеп компоненти 5-класстар үчүн орус тил сабагына берилди.8-класстын мектеп компоненти химия сабагына берилди.
Окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо алардын окуу программасынын мазмунун өздөштүрүү деңгээлин текшерүү максатында жүргүзүлөт.Баалоо КР мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартында үч түрдө берилген:диагностикалык, калыптандыруучу(формативдик) жанажыйынтыктоочу(суммативдик).
Сабактар 2020-жылдын 1-сентябрынан башталып,2021-жылдын 25-майында аяктайт.Окуу жылынын созулушу,каникул мезгилдерин эсепке албаганда төмөндөгүдөй болот.1-кл-33 жума,2-4-класстар-34 жума,5-11-кл экзамендик мезгилди эске алуу менен 34жумадан 36жумага чейин.
Каникул графиги:
Күзгү-8күн:2020-жылдын 2-ноябрынан 9-ноябры кошо эсептелет.Окуу 10-ноябрда башталат.
Кышкы-12 күн,2020-жылдын 30-декабрынан 2021-жылдын 12-январынан башталат.
Жазгы-10күн,2021-жылдын 22-мартынан 31-марты кошо эсептелет.Окуу 2021-жылдын 1-апрелинен башталат.
1-класстардын окуучулары үчүн 3-чейректе кошумча апталык каникул күндөрү берилет.Сабактын узактыгы 1-кл-40 мүн,2-11-класстарда 45 мүнөт.